УДК 398.9; 80:808.5

**Мамбетова Бүбүайша Турсунбаевна, Бекбоева Ырыскуль Джаныбековна**
И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети, Чыгыш таану жана Эл аралык мамилелер факультети, “Филология” атайын багытынын магистранткасы,
И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети, Мамлекеттик тил жана маданият институту

**Мамбетова Бубуайша Турсунбаевна, Бекбоева Ырыскуль Джаныбековна**
Магистрантка Кыргызского Государственного Университета им. И. Арабаева, Факультет Востоковедения и Международных Отношений, магистратура,
Магистрантка Кыргызского Государственного Университета им. И. Арабаева, Институт государственного языка и культуры

**Mambetova Bubuaisha Tursunbaevna, Bekboeva Yriskul Dzhanybekovna**
Master's student Kyrgyz State University named after. I. Arabaeva, Faculty of Oriental Studies and International Relations, master's degree, special "Philology",
Master's student Kyrgyz State University named after. I. Arabaeva, Institute of State Language and Culture

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН МИСАЛЫНДАЧЕЧЕНДИК ӨНӨРДҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ ОРАТОРСКОГО ИСКУССТВА НА ПРИМЕРЕ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ
# SPECIFIC FEATURES OF ORATORY BASED ON THE EXAMPLE OF KYRGYZ LITERATURE

**Аннотация:** башка элдердин чечендик сөздөрүнөн айырмаланып, кыргыздардын чыгармачылыгында чечендердин атайын мектептери болгон эмес, алар бул өнөрдү эч качан үйрөнүшкөн эмес, чечендик сырларга багышталышкан эмес, чечендик - бул адамдын өзүнүн жөндөмүнө гана ээ болгон тубаса талант, бул жерде биз мугалим же устат жөнүндө сөз кыла албайбыз. Бул макалада кыргыз элинин көөнөрбөс руханий байлыгы болгон чечендик өнөрүнүн чексиздигин, маани маңызын чечмелөөгө аракет жасадык.

**Аннотация:** в отличие от ораторского мастерства других народов, в творчестве кыргызских ораторов не было специальных школ, никогда не изучали это мастерство, они не были посвящены в ораторские тайны, ораторство это врождённый талант, которым человек обладает только своей способностью, здесь не может идти речь об учителе или мастере.
В этой статье мы постарались объяснить бесконечность и сущность ораторского искусства, которое является неиссякаемым духовным богатством кыргызского народа.

**Annotation:** Unlike the oratory of other peoples, there were no special schools in the work of Kyrgyz orators, they never studied this skill, they were not privy to oratorical secrets, oratory is an innate talent, which a person has only his own ability, there can be no talk about the teacher or the master. In this article, we have tried to explain the infinity and essence of oratory, which is the inexhaustible spiritual wealth of the Kyrgyz people.

**Ачкыч сөздөр:** чечендик өнөр, чыгармачылык, фольклор, макал-лакаптар, "Айтыш" искусствосу.

**Ключевые слова:** ораторское мастерство, творчество, фольклор, пословицы-поговорки, искусство «Айтыша».

**Key words:** oratory, creativity, folklore, proverbs, sayings, the art of "Aytysh".

Чечендик өнөрдүн өзгөчөлүктөрү кыргыз адабиятынын мисалында

Кыргыздар кеп багып сөзгө маани берип, ар бир сөздү баалап, ар бир сөздү салмактап сүйлөгөн, рухий байлыкты материалдык байлыктан жогору койгон эл. "Өнөр алды – кызыл тил", "Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет", "Айтылган сөз- атылган ок", "Акылмандын өзү өлсө да сөзү өлбөйт" жана башка ушул сыяктуу макал-лакаптар бекеринен эл оозунда жашап келбесе керек. Ушул философиясы, тарбиялык мааниси терен макал-лакаптар менен эле чоң бир багыттагы ой айтылып келген. Кебинде учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды кошуп сүйлөө, эгер алар орду менен колдонулса, анда дааналыктын, акылдуулуктун көрүнүшү. Сөзүнүн орундуулугуна, кооздугуна жетишүү үчүн андай сапаттарды эч кандай байлык менен алмаштыруу мүмкүн эмес. К.Карасаевдин Ж.Мукамбаевдин, З.Бектеновдун, Т.Сыдыкбековдун, С.Давлетовдун, А.Имановдун, Ж.Шериевдин, А.Сыдыковдун, С.Жигитовдун чечендик өнөргө баа бергендиги, аздектегендиги алардын чыгармаларында кеңири берилген. Чечен сөздөр кырдаалга ылайык айтылгандыгы, курчтугу, таамайлыгы терендиги менен айырмаланган, чечен адамдар тарабынан оозеки айтылган сөздөр. Кыргыз элинде Көкөтөй, Тилекмат, Акматалы сыяктуу чечендер болгон. Жээренче чечен сыяктуу адамдардын сүйлөгөн сөздөрү, иш аракеттери эл ичинде аңызга, уламышка айланып бүгүнкү күнгө чейин чечендик өнөрдүн ээси катары билип келебиз.

Чечендер ойлорун көбүнчө табышмак, суроо-жооп иретинде айтышат, бир чеченди экинчиси жеңүү максаты коюлат.(5-класстын окуучулары үчүн берилген "Акыл Карачач" адабий жомогунда бул өңүттө алгачкы жолу таанышканбыз) Макалдатып, уйкаштырып, мисалдатып, жорго сөзгө салып сүйлөө-чечендик өнөрдүн негизги бөтөнчүлүгү. Чечендер чыгармачылык бөтөнчөлүгүнө карап кургак чечен, коңур чечен деп да ажырымдалган. Тилчи, фольклор жыйноочу Ж.Мукамбаев чечендик өнөрдү аркалаган адамдардын төмөнкүдөй айырмачылыгын белгилейт: ойду так айтышы; ошол оюн учкул, элестүү, көркөм сөздөр, салыштыруулар менен туюнтушу; жай, сабырдуу, олуттуу сүйлөшкөнү, бир айтканын кайра кайталабаганы; ким менен кандай темада, кандай кырдаалда эмне жөнүндө сүйлөп жаткандыгына чоң маани беришкени, кептин багытын ошого карап бурушканы; кеп сүйлөө мүчөлөрүн мыкты башкарышканы, тыбыш жутуу, кекечтенүү, үзүп сүйлөө, туттугуу дегендердин болбогондугу; сөз, туюнтма, макал-лакапты ойго карата, угармандарга жараша мыктылап тандашканы, чаржайыт кеп угушпагандыгы, бул үчүн башкалардан акыл-жөндөмүн көбүрөөк жумшашкандыгы; угуп отургандарды жалпы ойго салып, кыялга чумутканы, көпчүлүктү бирдей, жалпы пикирге буруу жагынан устат келишкени; сөз сүйлөөнүн ар түрдүү ыктарын, жолдорун жакшы билишкени, кайсы учурда кычыткы, азил, кандай учурда тамаша күлкү, кандай маалда жанытма, кайсы кезде какшык, чымчыма колдонууну жакшы билишкени. Кыскасы, бир сабак жеңил сөздөрдөн тартып, олуттуу мазмундагы санат, накылдарга чейин эркин чабак уруп сүйлөшкөнү; сүйлөгөндө эч кандай жасалма кепке, жазгырма эффектиге түк барышпагандыгы; пикирин аягына чыгара айтпай, ой корутундулоону көп учурда угуучулардын өздөрүнө калтырганы; угармандардын арасында акылман, ойчул адамдар болсо алардын жөндөмүн жогору баалап, ошол эле учурда тигилердин сөзүнө чалынып калбас үчүн өтө кылдаттыкты пайдаланышканы; ойлорун табышмактантып, суроо коюп айткан учурларынын көп болгондугу; чечендер айтышына түшүп, тил кайрышкандыгы, өнөрлөрүн сынашкандыгы; кебинде толгоо мотивинин кеңири орун алгандыгы; тилдеги көп маанилүүлүктү, өтмө маанилүүлүктү, синоним, антоним,

антитеза көрүнүштөрүн арбын колдонгондугу, башка коңшу тилдердин сөз байлыктарын кыстара кеткендиги ж.б.

Сүйлөшүүдө бирөөнүн сөзүн бөлүп-жарууга болбойт, бирөөдөн уккан сөздү башкаларга туура эмес жеткирүү же көбүртүп-жабыртып ийүү, көрүп-билбей туруп жалган сүйлөө – адепсиздик.

Улуу адамдар сүйлөшүп жатканда сөзүн бөлүүгө жарабайт, эгер алар бир нерсе сурап калса кыска жана так жооп берүү зарыл. Оюн так айта албай, узак сүлөгөн, ток этерин айта албай, айланып жүрө берген, бир нерсени айтып жатып, "талаалап" кеткен адамдарды элибиз эзелтеден жактырбай "куу чирен", "эзме" деген ылакап аттар менен аташкан. "Көрө-көрө көсөм, сүйлөй-сүйлөй чечен болот" дейт, ошон үчүн сүйлөштү үйрөнүүнү ар дайым көнүлгө түйүп жүргөн туура.

Чечендик өнөрдү баалап, анын айтылган табышмактатып тарбиялоо сыйкырын баалаган Жусуп Баласагын бабабыз мындай насааттарын жазат:

Өз башыңы өзүн ажалга дуушар этпес үчүн сөзүнө так бол,<br>
Өз тишиңи өзүн сындырбас үчүн тилине сак бол.<br>
Көп сүйлөбө сабыр кыл, ар сөзүндү салмактап айт,<br>
Он мин сөздүн түйүнүн он сөз менен чеч.

Адам эки нерсе менен картайбайт: биринчиси-кайрымдуу иши, экинчи мээримге толгон сөзү.

Ысык-Көлдөгү Сарт аке ушунчалык маанилүү, омоктуу кеп айтканы үчүн эл башчылары, аксакалдар, улуу-кичүүлөр ал кишини угуп эле олтура беришчү экен. Бул киши озунуп сүйлөбөптүр, шашып кетпептир. Арык, белек тукумдары Түп суусун жээктей отурган жыйында Мурataалы бий Сарт акеге насааттын маңызы эмнеде дегендей суроо узатат, анда Сарт аке ким насаатты боюна сиңдирбесе, ал караңгыда таяксыз жолго чыккан сокур адамдай деп айтыптыр. Чечендик өнөрдүн күчү мына ушунда.Түпкү мааниси терең, күчтүү салыштыруу менен, адам ойлонтчу, түйшөлтчү күчү менен тарбиялоо.

Адам баласынын ички дүйнөсүнө жана психологиясына азык болуучу байлыктарды камтый турган алтын казына- көркөм сөз өнөрү. Бул кыргызда-Улуу сөз аталган. Чечен сөздөр куюлушуп тургандыгы, таамай жана терең мазмуну, учкулдугу, жүйөлүүлүгү менен эл оозунда бааланып келген.Чечендик өнөр дегенде Жээренче чечен, Сарт аке, Кадыр аке, Тилекмат аке өндүү кара сөздүн устаттарын эске түшүрөбүз. Окумуштуу, фольклор жыйноочу Ж.Мукамбаев: "Эл чечен-деп, сүйлөгөн кезде илхамы келе түшкөн, эч кандай кагаз, калемсиз шар сүйлөгөн, тактоосуз жооп тапкан, импровизатордук менен куюлуштурган, үнү да, кеби да коңур келген, сөздөрү уккулуктуу, мазмундуу чыккан адамды айткан"

Кыргыз адабиятында чечендик өнөр кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын бир бутагы болгон айтыш өнөрүнө шайкеш келген. Айтыш өнөрүндө да акындардын тапкычтыгы, уйкаштырып, куюлуштуруп, ыр саптары менен айтышуусу өзгөчө. Айтышка түшкөн ырчылар акылдуу, сезимтал, баамчыл, сынчыл келип, турмуштун , табияттын сырларын, адам мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү терен талдай билүүгө тийиш болгон. Анткени, айтыш козголгон бардык маселе боюнча туура жоопту талап кылгандыктан, айтышка түшкөн ырчылардын көптөгөн маселерди чечмелеп берүүсү зарыл.Мисалы:

"Женижок менен Эсенамандын айтышында":

Мөмөсү болсоң дарактын,<br>
Айылдан балдар келбейби.<br>
Арка этектеп теришип,

Ар кайсы жерге жебейби.
Данеги чирип кык болоор
Өмүрүндүн акыры
Ушундай болуп токтолоор! деп акын Женижок Эсенамандын өз сөзүн өзүнө каршы багыттап, сезими менен дароо баамдап, алдыңкы айтылган ойлор менен улам кийинкилер жиги билинбей маанилик жактан ширетилген. Болбосо "Калмырза менен Найманбайдын айтышында":
Бирер сөзүн карасан,
Сөөмөй менен сайгандай.
Бирер сөзүн карасан,
Каргылы кара тайгандай.
Мен куштан тууган буудайык,
Текөөрүм темир болуучу.

Айтыш өнөрү чечендик өнөрдүн илимий-теорияларына таянуу менен жогорку деңгээлге көтөрүлгөн.Кыргыз элинин мойнуна кылыч такаса да чырылдаган чындыкты бетке айтуудан тайманбаган кашкөйлүгү, кебин келиштире сүйлөгөн,сөздү таап айткан чечендерди, куудулдарды, жомокчу,манасчы, дастанчыларды кадырлап улага калтырбай төргө өткөргөн, сөздүн кудуретине ишенген, сөз менен жакшы менен жаманды ылгай билген асыл сапаттары кыргызды кыргыз атыктырып келүүдө. Дээринде бар сөздү жетимсиретпей баркын көтөргөн, уга турган угуп жаткан калкы көп болушун каалайт элем.Ошондуктан сөздөн байлык тактап айтканда рухий байлыктан материалдык жогору бааланып калган заманда жашап жатканыбыз менен сөз кудурети, сөз күчү дагы деле болсо элибиздин баалуу байлыктарынын бири катары кала бермекчи. Чечендик өнөр өзүнчө искусство катары узак жолду басып, тарыхы, таржымалы канча доор уланып келе жатканы баарыбызга маалым. Башка элдерге салыштырып караганда кыргыздын чечендик өнөрү муундан-муунга салттуу өтүп, атайын окутулбагандыгы, үйрөтүлбөгөндүгү, атайын аракеттенип үйрөнгүсү келсе дагы мүмкүн эместиги менен баалуу. Арийне чечендик өнөр кыргыз тарыхы, кыргыз элинин тарыхы менен тамырлаш экендиги талашсыз.Чечендик ойлоо сезиминин тездиги, сөздүн салмактуулугу менен эл кадырына арзыган. Жашоо-тиричилигибиздеги бардык түйүндүү маселерди чечүүдө да сөздүн кудурети, чечендик өнөр жардамчы, көмөкчү боло алат.

Бул макалада кыргыз элинин көөнөрбөс руханий байлыгы болгон чечендик өнөрүнүн чексиздигин, маани маңызын чечмелөөгө аракет жасадык. Ошондой эле улуу залкарларыбыздын чыгармаларынын мисалында тилибиздин бийиктигине жана ошондой эле баалулугуна дагы бир ирет таазим эттик.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Муратов А., Акматов К. "Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети"
2. Мукамбаев Ж. "Эл ичи-өнөр кенчи"
3. Залкар акындар 1-том

**Рецензент: филол.и.к., Егимбаева С.**